2015-32

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
Тарых жана маданий мурас институту
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
Э. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети

**Д.07.13.013 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

Кол жазма укугунда

УДК 902.7+947.1(575.2) (043.3)

**БЕРДИЕВ АСАН ТОКСОНОВИЧ**

# АБСАМАТ МАСАЛИЕВ – КЫРГЫЗСТАНДЫН КӨРҮНҮКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА КООМДУК ИШМЕРИ

Адистиги: 07. 00. 02 – Ата Мекен тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2014

Диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун тарых жана социалдык иштер кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** тарых илимдеринин доктору, профессор
**Жумабаев Бектемир Миталипович**

**Расмий сын-пикир ээлери:** тарых илимдеринин доктору, профессор
**Абытов Байболот Капарович**

тарых илимдеринин кандидаты, доцент
**Самиева Жамиля Дарбановна**

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы кафедрасы.

Диссертация 2015-ж. «30» январь саат 13:00 Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы тарых илимдери боюнча кандидаттык (докторлук) диссертацияларды коргоо боюнча Д.07.13.013 Диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51.

Диссертациянын кол жазмасы менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51.

Автореферат 2014-ж. "29" декабрда таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору: А. А. Арзыматова

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз элинин тарыхына сересеп салып карооо аркылуу анын бири-бирин улап келген түркүн доорлорду башынан өткөргөнүн байкоого болот. Аныгында эле кыргыз эли кезинде гүлдөп өнүккөн ири дөөлөттү түзгөн, кээде өтө трагедиялуу оор окуяларды башынан кечирген. Мындай кыйын кырдаалга кабылган дүйнөнүн канчалаган элдери тарых барактарында гана калып, эл катары жашоосун токтотууга мажбур болгон. Айтор, кылымдардан кылымга учугун улап келе жаткан кыргыз элинин тарыхы изилденүүгө дагы да болсо муктаж экендиги талашсыз. Мындай тарыхта кыргыз элин сактап,кысталыш учурда туура жол таап, келечектүү багытка баштап келе жаткан пассионардуу инсандардын ролун баса белгилесек болот. Албетте, айрым бир доорлордо кыргыз элине Манас баш болгон баатырлар жан аябай кызмат кылышса, башка доорлордо элге акылман, билимдүү жана жөндөмдүү инсандардын кызматы зарыл болуп келген. Пассионардуу инсандардын эл алдындагы зарылчылыгы жана инсандык ролу өзгөчө доорлор тогошуп, көндүм турмуш менен жатыккан жашоо астын-үстүн болуп, келечек туңгуюктап бара жатканда зоболоп көтөрүлгөн.

Эгемендүүлүктүн жылдарында кыргыз элинин жана мамлекетибиздин тарыхында абдан жакшы жөрөлгө башталып, калкыбыздын даңазалуу тарыхый инсандары, алардын өмүр-таржымалдары иликтенип, өз элине, жерине, мамлекетине сиңирген эмгектерин жумурай-журтубузга, коомчулукка, жаш муундарыбызга ар тараптан тааныттууга мүмкүнчүлүк алдык. Дал ушундай ар тараптуу иликтөөлөрдүн, жемиштүү аракеттердин натыйжасында кыргыз элинин көптөгөн чыгаан инсандары тууралуу чындыкка дал келген, ар тараптуу так маалыматтар табылып, бир топ тарыхый эмгектер жарыкка чыкты. Андай инсандарыбыздын аты кайрадан элибиздин, улуттук мамлекетибиздин көөнө тарых барактарынан өз ордун таап, тарыхый, саясий жактан акталышып, өз элинин, мекенинин сыймыгы болуп калышты. Ушул өңүттөн караганда, биз тандаган диссертациялык тема **актуалдуу** болуп эсептелет.Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилинде 2005 жана 2010-жылдардагы тарыхый окуялардан кийин кыргызстанда кадр маселесинде крисиз башталганы байкалды, бул теманын дагы да болсо актуалдуулугун жогорулатты.

Анан калса Апсамат Масалиев сыяктуу ички жан дүйнөсү бай жана таза, адилет, калыс, өтө чынчыл чыгаан инсандык касиеттери, асыл сапаттары, элине ак кызмат кылууга дайым даяр, ашкере мекенчилдиги ар бир намыскөй атуулга, айрыкча, азыркы мамлекеттик жетекчилерге, саясий ишмерлерге чоң сабак, үлгү болоору да анык.

Акыркы мезгилде кесипкөй аалым тарыхчылар кыргыз элинин, улуттук мамлекетибиздин тарыхый өнүгүүсүндө, бөтөнчө өткөөл доорлордо адам фактору чечүүчүкүч экендигин, айрыкча, даанышман жол башчылар, көрөгөч көсөмдөр, мамлекеттик, саясий, коомдук ишмерлер, улуттук интеллигенция активдүү роль ойношорун тастыктап келишүүдө. Баса белгилей турган нерсе, дал ушул эгемендүүлүк жана мамлекеттик көз каранды эместик жагымдуу жагдайларга ыңгайлуу шарт түзө алды. Андыктан 1991-2011-жылдар аралыгында Кыргызстандын тарыхнаамесинде өзүнчө багыт–**«инсан таануу»** багыты калыптанды.

Диссертациялык иште тарыхый-саясий окуяларга бай XX кылымдын экинчи жарымында - Кеңеш доорунда жана эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында жашап эмгектенген, өз эли, жерине мыкты мамлекеттик жана саясий ишмер катары белгилүү болгон, республикабызды бир нече жыл үзүрлүү башкарып, жогорку жоопту кызматтарда иштесе да, өтө жөнөкөй жашап, элдин көйгөйүн тез арада чечүүгө кудурети жеткен, адилеттүүлүктү туу туткан жетекчи катары таанылган.

**Диссертациялык эмгектин илимий программалар жана негизги илимий иштер менен байланышы.** Диссертация Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун илимий изилдөө багыты менен дал келет.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты**. Диссертациянын эң башкы максаты - Абсамат Масалиевдин өтөлгөлүү өмүр жолун, мамлекеттик, саясий, коомдук ишмердүүлүктөрүн иликтөө менен тарыхый-саясий бейнесин түзүү жана кеңири коомчулукка жеткирүү.

**Диссертациялык изилдөөнүн милдеттери.** Жогоруда аталган максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүдөй милдеттер коюлду:

- А. Масалиевдин өтөлгөлүү өмүрүн, балалык, жаш чагын бирдиктүү нукта, хронологиялык жана логикалык ырааттуулукта иликтөө;
- Анын жаш адис катары эмгек жолунун башталышын, жетекчи катары калыптанышын талдоого алуу;
- А. Масалиевдин партиялык, саясий жана мамлекеттик ишмердүүлүгүнө, аткарган кызматтарына саресеп салып, тарыхый баа берүү;
- Кеңеш доорунун акыркы жана эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы заман алмашкан өткөөл кездеги А. Масалиевдин жетекчи катары адеп-ахлактык, психологиялык, атуулдук абалы, ал өзгөрүүлөргө болгон мамилесине даректүү талдоо жүргүзүү;
- А. Масалиевдин Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы, Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасы болуп иштеген мезгилдеги ишмердүүлүгүн кеңири талдоодон өткөрүү;



- СССРдин кыйрашы жана мамлекеттик көз карандысыздыктын алгачкы жылдарындагы коомдук, саясий өзгөрүүлөрдү, айрыкча, Кыргызстан демократиялык кыймылы койгон саясий, социалдык-экономикалык маселелерди, улут маселелерин чечүүдөгү А. Масалиевдиниш-аракеттерин изилдөө;
- 1990-жылдын июнь айында болгон Ош окуясындагы А.Масалиевдин иш-аракеттерин, кийинчерээк ага карата анын берген баасын талдап, ошол окуядан жыйынтык чыгаруудагы, кыйынчылыктан чыгуудагы анын ордун жана ролун аныктоо;
- Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилинин алгачкы жылдарындагы саясий, социалдык-экономикалык турмушундагы, айрыкча мурда өнүккөн айыл чарбасындагы, анын ичинде, мал чарбасы, өнөр жайындагы туура эмес жүргүзүлгөн реформаларга, алардын натыйжаларына карата А.Масалиевдин жеке көз карашын, мамилесин иликтөө;
- Эл, мамлекет тарабынан А.Масалиевдин мамлекетке, элине сиңирген эмгегинин акыйкат, адилет бааланышын ар тараптуу иликтөө;
- Көрүнүктүү инсан жөнүндөгү замандаштарынын эскерүүлөрүн иликтөө, кеңири эл массасына жете элек маалыматтарды сурамжылап тактап элге жеткирүү.

**Диссертациялык иштин хронологиялык алкагы.** XX кылымдын 30-жылдарынын экинчи жарымынан тартып А. Масалиевдин 2004-жылга чейинки убакытты камтыйт. 70 жылдан ашуун өмүр жолундагы иш - аракеттери, партиялык, мамлекеттик жана коомдук ишмердиги, адамгерчилик, касиеттери, жетекчилик иш тажрыйбасы хронологиялык ырааттуулукта изилдөөгө алынат.

**Диссертациялык иштин жаңычылдыгы.** Кыргызстандын тарыхнаамесинде белгилүү саясий, мамлекеттик ишмер, Кыргыз Республикасынын Баатыры А.Масалиевдин өтөлгөлүү өмүрүн, көп кырдуу мамлекеттик, коомдук саясий ишмердүүлүгү илимий негизде ар тараптан биринчи жолу комплекстүү түрдө иликтөөгө алынды. 1990-жылкы Ош окуясы мезгилинде элдерди биримдикке, ынтымакка чакыруу, өлкөдөгү интернационализмди бекемдөөгө кошкон салымы иликтенди.

**Диссертациянын илимий-практикалык мааниси.** Биздин изилдөөнүн жыйынтыктарын жалпы Ата Мекен тарыхын окутууда жана аталган тармак боюнча жалпылоочу эмгектерди жаратууда, Кыргызстандын тарыхый инсандары жана саясий партиялары боюнча атайын курстарды иштеп чыгууда, окутуудакесиптик орто жана жогорку окуу жайлардын окуу процесстеринде пайдаланууга болот. Изилдөөнүн натыйжасы белгилүү саясий, мамлекеттик ишмер Абсамат Масалиевдин өмүр

баянын, ишмердүүлүгүнүн мындан ары дагы тереңдетип иликтөөгө, башка тарыхый инсандардын бейнесин түзүүдө, Кыргызстандын көп томдуу, соңку жаңы тарыхын жазууда илимий-теориялык жактан көмөк берет.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын Кыргызстандын тарыхы боюнча орто мектептер жана жогорку окуу жайлар үчүн окуу китептерин жазууда, аталган предметти билим берүүнүн ар кандай баскычтарында окутууда тарыхый инсандар боюнча атайын курстарда, атайын семинарларда колдонууга ылайыктуу.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

Изилдөөнүн жыйынтыгында коргоого төмөндөгү жоболор сунуш кылынат:

- Кыргыз элинин тарыхында чыгаан инсандар кыргыз элинин улут болуп калыптанышында жана мамлекеттүүлүктүн элементтеринин сакталып калышында, эгемендүү мамлекеттин түзүлүшүндө чоң ролду ойношкон.
- А.Масалиевдин тарыхый инсан катары калыптанышынын негизги өбөлгөлөрү катары XX кылымдын экинчи жарымындагы XXI кылымдын башындагы партиялык, мамлекеттик ишмердүүлүктөрү жана саясий, тарыхый процесстер болуп эсептелет.
- А.Масалиевдин турмуштун татаал мезгилиндеги бала чагы, студенттик мезгилиндеги СССРдин ири көмүр шахталарындагы окуу практикасы анын өнөр жай боюнча адис катары калыптандырды. Коммунисттик партиянын катарына өтүшү саясий жана мамлекеттик ишмер катары эмгек жолунун башталышына шарт түздү.
- Эгемендүү Кыргызстандын алгачкы мезгилиндеги саясий системасындагы чоң өзгөрүүлөр, ал адамдын кан-жанына сиңген мурдагы системанын кыйрап жок болушу, жаңыдан телчигип келе жаткан көз карандысыздыктын алгачкы жылдарындагы А.Масалиевдин мурдагы республиканын жетекчиси таризиндеги көз карашы, кабыл алуусу, моралдык, психологиялык, атуулдук абалы, ал өзгөрүүлөргө болгон жеке мамилеси өзгөрүп, эгемендүү Кыргыз Республикасынын мындан аркы жашоосуна, өсүп-өнүгүшүнө карата багытталган.
- XX кылымдын 90-жылдарында башталган республикадагы ачыктан-ачык нааразычылыктардын күчөшү, улуттук аң-сезимдин ойгонушу, «саясий ачкачылык» жарыялоо, айрыкча, жаңы саясий уюмдардын пайда болушу, алардын жалпы коомчулукка таасиринин күчөшү, жаңысаясий талаптардын койулушу, элдин, мамлекеттин тагдыры, өлкөбүздүн келечеги республика жетекчиси А. Масалиевге катуу таасир эткен.



- А.Масалиевдин жана анын партиялаштарынын кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн **өнүгүшүнө** кошкон салымы, эгемендүү кыргыз мамлекетинин алгачкы мезгилиндеги саясий жана коомдук ишмердүүлүктөрү азыркы жаштарды тарбиялоодо үлгү катары кызмат кылат.

**Изилдөөчүнүн киргизген жеке салымы:** Диссертация максаттуу жана комплекстүү жүргүзүлгөн илимий иш болуп саналат. Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралып жаткан маселе боюнча кеңири архивдик жана басма сөз беттериндеги маалыматтар, изилдөө күндөлүгү (эскерүүлөр) колдонулуп, ар тараптуу терең талдоо жүргүзүлүп, жыйынтыктар чыгарылды.

сунушталып талкууланган.

**Диссертациянын апробацияланышы.** Диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Тарых жана социалдык иштер кафедрасында, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Философия жана коомдук илимдер кафедрасында талкууга коюлуп, коргоого сунуш кылынган. Изилдөөнүн айрым жоболору жана жыйынтыктары эл аралык жана республикалык илимий конференцияларда баяндама катары сунушталып талкууланган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда толук чагылдырылышы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары илимий журналдарга жана жыйнактарга чыккан 10 илимий макалаларда чагылдырылган. Анын ичинен бирөө чет өлкөлүк журналда жарыкка чыккан.Алар төмөнкү басылмаларда жарык көргөн: «ОшМУнун жарчысы», «Высшая школа Казакстана Международное научно-педагогическое издание», Республикалык илимий-теориялык «Наука и новые технологии» журналы, КР УИАнын тарых жана маданий мурастар институтунун «Элге арналган өмүр» илимий-практикалык конференциянын материлдарында жана башка эл аралык, республикалык илимий конференциялардын жыйнактары.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү** кириш үүдөн, 2 главадан, 6 параграфтан, корутундудан жана колдонулган тарыхый булактардын, адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Кириш үүдө теманын актуалдуулугу далилденип, изилдөөнүн объектиси, максаты жана милдеттери, предмети, хронологиясы, аныкталды жана изилдөөнүн жаңылыгы, коргоого алынып чыгуучу негизги жоболору такталды.

**Биринчи бап «Абсамат Масалиевдин өмүр-таржымалы, адис жана жетекчи катары калыптанышы»** деп аталат. Бул баптын биринчи параграфы **1.1«Маселени изилдөөнүн булак таануусу жана тарых намасы»** деп аталат. Бул параграфта негинен изилдөөнүн тарых наамасы, булактары жана ыкмалары изилдөөнүн негизги мазмунун түзөт.

Албетте, Кеңеш доорундагы кыргыз тарых илиминде элибизден чыккан тарыхый инсандарга таптакыр эле көңүл бурулган эмес деп айтыш илимий осолдук болмок. Бирок учурунда коммунисттик партиянын лидерлеринин ишмердиктери көбүрөөк жана бир беткей иликтенип келген, анда дагы алардын партия алдындагы эмгектери даңазаланып толук, ар тараптан изилдөөгө тартылган. Ошолордой эле партия катарында болуп, бирок жалган жалаа жабылып, «эл душманы» аталып курман болгон инсандар, партиялык, саясий ишмерлер жөнүндө сөз айтылбай, атайын «унутта калтырылып келгени» же болбосо өтө бурмаланып келгени баарыбызга маалым.

Илимий диссертация багытталып жаткан орчундуу тема А.Масалиевдин тарыхый инсан катары көрсөтүү менен гана чектелбестен, бул адам жашап, башкарып турган доорду жана анын коомдук мамлекеттик ишмердигин толук деңгээлде чагылдыруу үчүн кыргыз илимпоз тарыхчыларынын, ошол мезгилдеги айыл чарбасы, өнөр жайы, илим, билим жана маданият жөнүндө жазган эмгектери каралып, салыштырылып, иликтөөнүн негизинде жазылды. Совет коомунун биз карап жаткан 60-жылдарынын башынан 90-жылдарга мезгилге арналып жазылган эмгектер өтө эле арбын. Ошондуктан ал эмгектерди мазмунуна карап үч топко бөлүп карасак максатка ылайыктуу:

**Биринчи топ.** Тарыхый иликтөөлөрдүн негизинде СССРдин курамындагы республикалардын бүтүндөй эл чарбасынын, илимий-техникалык прогресс тенденцияларынын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана бири-бирине окшош тарыхый абалын чагылдырылган эмгектер арбын жарыяланган [33.8]. Жалпы эле совет коомунун, анын ичинде биз карап жаткан 60 жана 90-жылдарга чейин арналган эмгектерге коммунисттик партия менен өкмөттүн социалдык саясатына арналган бүткүл союздук масштабдагы изилдөөлөр жана жергиликтүү тарыхчы окумуштуулардын эмгектери кирет.

**Экинчи топко.** Кыргызстандын Совет бийлигиин соңку жылдарындагы экономикалык өнүгүшүнө арналган жергиликтүү окумуштуу тарыхчылардын эмгектери жарык көргөн. Белгилүү тарыхчы окумуштуулар К.Каракеевдин [41,42], Ж. Бактыгуловдун [16,17], У. Бootaевдин [21], З. Эралиевдин [77.13], Аттокурвдун [14,15], республиканын 60- 80-жылдардагы тарыхына арналып жазылган илимий



эмгектеринде, республиканын эл чарбасынын тармактары боюнча өнүгүүлөрү чагылдырылып, ошол мезгилдин тарыхына жараша жыйынтыктар чыгарылган.

**Үчүнчү топко.** СССР жоюлгандан кийин эгемендүүлүк жылдардагы окумуштуулардын эмгектери. Мына ушул соңку мезгилдеги Советтик Кыргызстандын саясатын, экономикасын, социалдык өнүгүүсүн ж. б. жагдайларын изилдөө боюнча тарыхчылар, саясатчылар тарабынан көптөгөн эмгектер жарыяланган.

Окумуштуу Ж, М. Малабаевдин кыргыз элинин Совет мезгилиндеги өнүгүүсүн чагылдырган эмгегинде республиканын тарыхы орчундуу фактылар камтылган архивдик материалдарга таянган маалыматтын негизинде чагылдырылат.

Бул тармактагы кыргыз тарыхнаамасына, анын ичинде жаңыдан калыптанып жаткан инсан таануу багытына бир катар окумуштуулардын изилдөөлөрү методологиялык негиз болуп берери шексиз. Алардын катарында республика эле эмес, чет өлкөлөргө да таанымал окумуштуулар, академиктер К.Г. Каракеев, В.М. Плоских, мүчө-корреспондент Ж. Жунушалиев, тарых илимдеринин докторлору, профессорлор З. Курманов, А. Жуманалиев,Б.К. Абытов,тарых илимдеринин кандидаттары С.Бегалиев, И.Е. Семенов, А. Болпонова, Г.Бекмурзаева, иликтөөчү А. Тузов ж. б. бар [47.11].

Жогорудагылар менен катар эле соңку мезгилдеги кыргыз тарых наамасында кыргыз элинин Кеңеш дооруна чейинки тарыхый инсандары, алардын ишмердүүлүгү ар кайсы доорлордо, тарыхый шарттарда мамлекетине эл-жеринин келечек тагдырына сиңирген эмгектери жөнүндө олуттуу илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөнү дагы белгилүү. Аталган багытта В.М. Плоских, К. Усенбаев, С. Аттокуров, Т.К. Кененсариев, Б.К. Абытов, Т. Омурбеков, У[88], Ч. Чотонов [91]. Ж. Алымбаев, К. Молдокасымов, Т. Омурзакова ж. б. окумуштуулар жигердүү эмгектеништи [84].

Инсан таануу алкагында бир катар жаш окумуштуулар XX кылымдын экинчи жарымында өлкөбүздүн, элибиздин социалдык-экономикалык жана маданий тармактарынын өнүгүшүнө зор салым кошкон, кыргыз коомчулугуна аттын кашкасындай белгилүү саясий, мамлекеттик жана маданий ишмерлерибиз жөнүндө кеңири, алгылыктуу жана даректүү илимий иликтөөлөрдү ишке ашырышты. Мында талдоо обьектисине И. Разаков, Т. Усубалиев, Б.Жамгырчинов, К. Усенбаев ж. б. тартылып, аларды Т.Гапаров, Ж.Өмүрова, Ж.Дүйшеев, И. Грандин, Р. Зайниев, М. Жунусова сыяктуу жаш окумуштуулар изилдешти [83].

А.Масалиевдин өмүр- таржымалы, ишмердүүлүгүнүн кээ бир жактары менен урунттуу окуялары массалык маалымат каражаттарынын беттеринде, замандаштарынын макалаларында басылып турган [78.15] Бирок ал киши жөнүндө кээ бир эскерүү мүнөзүндөгү эмгектер гана жарыяланбаса, атайын илимий изилдөөлөр дээрлик жокко эсе

Изилдөөнүн булактык базасынар түрдүү илимий айлампага кирген жана кире элек архивдик материалдар,басма сөз материалдары, А.Масалиевдин жеке өзүнүн эмгектери, докладдары, замандаштарынын эскерүүлөрү түздү, аларды биз төмөндөгүдөй топторго бөлдүк.

**Биринчи топко** Кыргыз Республикасынын Борбордук саясий архивинин жана областтык саясий архивдердин, Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинин документтери кирди. (56; 20; 21; 256; 10;6 фонддун материалдары, жеке делосу, партиялык, мамлекеттик кызматтарда иштегени жөнүндөгү токтомдор, сунуштар, буйруктар, көрсөтмөлөр, ж.б.)

**Экинчи топко** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин учурдагы архивинин материалдары кирди. А.Масалиевдин 1995-2004-жылдардагы депутаттык мезгилиндеги аткарган коомдук ишмердүүлүктөрүн чагылдырган архивдик материалдар киргизилди.

**Үчүнчү топко** А.Масалиев жөнүндөгү басма сөз маалымат каражаттарындагы маалыматтар: 1990-2005 жылдардагы Советтик Кыргызстан, Ленинчил Жаш, Эркин Тоо, Агым, Кыргыз Туусу, Акыйкат, Республика ж.б. газета-журналдардын беттериндеги материалдары кирди.

**Төртүнчү топко** А.Масалиевдин замандаштарынын, партиялаштарынын эскерүүлөрү кирди, белгилей кетчү нерсе илимий адабияттардын жетишсиздигинен бул топтогу булактар өзгөчөлүккө ээ.

**Бешинчи топко** А.Масалиевдин кайра-куруугa, КПССтин мамлекетти башкаруу бийлигинен кетиши, СССРдын жоюлушу, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы оор мезгилдердеги окуяларга, тарыхый фактыларга берген баасын чагылдырган эмгектери киргизилди.(Советтик доордон үзүндүлөр.Б.,1996, Народ должен знать правду.Б.2004., Страницы жизни и бедное наша Отечество, Улуу инсан (И.Разаков жөнүндө эскерүүлөр). Б.1996.

Диссертациялык изилдөөдө алдыга коюлган маселе тарыхты объективдүү чагылдыруунун негизи – тарыхыйлуулук принцибинде таянуу менен иштелип чыгылды. Изилдөөнүн методологиялык негизи тарыхыйлуулук принцибинен тышкары, учурда тарых илиминде колдонууга алынып жаткан жаңы цивилизациялык методдордун негиздерине таянуу менен гуманитардык илимдер багытындагы илимий – теориялык жана методологиялык жетишкендиктер жетекчиликке алынды.



Мындан тышкары, диссертациялык изилдөө азыркы мезгилдеги ар түрдүү изилдөө ыкмаларынын бүтүндөй комплекси колдонулду: тарыхый-хронологиялык ыкмасы, теориялык анализ методу, Тарыхый системалык методду, Тарыхый-салыштырма ыкма.

**1.2. Биринчи бап экинчи параграфынын мазмунун А.Масалиевдин балалык, жаштык кези жана адис катары калыптанышы түзөт.**

Элибизге, мамлекетибизге эмгеги сиңген, мекенине зор кызмат кылган саясий, партиялык, мамлекеттик ишмер, мурдагы Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчысы, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы, Кыргыз ССР жана СССР Жогорку Советинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бир нече жолку чакырылыштарынын депутаты, Советтер Союзунун Компартиясынын Борбордук Комитетинин бюро мүчөсү, Кыргыз Республикасынын Баатыры Абсамат Масалиевдин өмүр-таржымалы, мамлекеттик жана коомдук ишмердиги иликтөөгө алынды.

Эгерде А.Масалиевдин өмүр жолуна саресеп салсак, ал Совет доорунун көпчүлүк инсандарындай эле өмүр сүргөнү, болгону, аны бир топ жеке инсандык сапаттары, максаттуу кадамдары, ийгиликтүү иш-аракеттери айырмалаганын баамдайбыз.

А.Масалиевдин өтөлгөлүү өмүр жолу жана ишмердүүлүгүн, жетекчи катары баскан жолун төмөнкүдөй мезгилдерге бөлсө болот:

**1-мезгил:** бала чагы, студенттик кези жана жаш адис катары калыптанышы 1933-1958-ж.ж;

**2-мезгил:** шахтадагы, тресттеги жетекчилик кызматтарында такшалышы 1958-1964-ж.ж;

**3-мезгил:** партиялык жетекчилик кызматтардагы убагы 1964-1985-ж.ж.;

**4-мезгил:** Кыргызстан Коммунисттик партиясынын биринчи катчысы жана Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин төрагасы болуп иштеген мезгили 1985-1991-ж.ж;

**5-мезгил:** Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, коомдук ишмер, өмүрүнүн акыркы жылдары.1991-2004-ж.ж.

Мындай мезгилдерге бөлүүдө архивдик тарыхый документтерге, Абсамат Масалиевдин үй-бүлөлүк архивинен алынган маалыматтарга, ал киши жөнүндөгү эскерүүлөргө жана өмүр жолуна таяндык. Бир катар тарыхый фактыларды тактап, көпчүлүктүн назарына коюуга бул көрүнүктүү инсандын көп тараптуу тарыхый-саясий бейнесин түзүүгө аракет жасадык.

А.Масалиев 1933-жылы 10-апрелде ал кездеги Ош облусунун Кадамжай районундагы В.И.Ленин атындагы колхоздун Алыш айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1941-жылы башталган Ата Мекендик согуш ушундай жакшырып келе жаткан турмуштун уланышына өзүнүнөтө оор залакасын тийгизген. А.Масалиев жашаган "Кызыл чарба" колхозу Исфайрам дарыясынын эки жээгиндеги эки айылды бириктирген, чакан чарба болуп, Ош облусунун мурдагы Молотовабад районунун курамына кирген. Кийин Үч-Коргон району аталып, 50-жылдардын аяк ченинде коңшулаш дагы бир район менен биригип, Ош областына караштуу Фрунзе району, азыркы Баткен областынын курамындагы Кадамжай районун түзгөн.

А.Масалиев 1941-жылдан баштап 1949-жылга чейин "Кызыл чарба" колхозунун аймагында "Кызыл чарба" атындагы жети жылдык мектептен билим алып, андан кийин Үч-Коргон айылындагы А.С.Пушкин атындагы орто мектеп-интернатта окуган.1949-1953-жылдары Кызыл-Кыя тоо-кен техникумунда көмүр кен катмарын иштетүү адистиги боюнча билим алып, аны артыкчылык диплом менен ийгиликтүү аяктаган.

Техникумду бүткөндөн кийин окууну улантуу максатында документтерин Москвадагы И.В. Сталин атындагы тоо-кен институтуна жөнөтөт. Көп өтпөй, ал жактан «Сиз жатакана берилбеген, институттагы жаңы ачылган тездетилген топко кабыл алындыңыз. Макулдугуңузду билдириңиз», - деген маанидеги телеграмма келген. Дал ошол жатаканасыз тездетилген курска макул экендигин билдирген телеграмма жөнөтөт, 1953-1956-жылдары Абсамат Масалиев Москвадагы И.В. Сталин атындагы тоо-кен институтунда билим алат [105]. Өз эскерүүсүндө тездетилген курс жөнүндө минтип тактайт: «…Ошол жылы эл чарбасынын башка тармактарындай эле көмүр өнөр жайына тийиштүү адистер, айрыкча тоо-кен инженерлери жетишсиз болгон. Бул маселени тез арада чечүү үчүн телеграммада көрсөтүлгөн тездетилген курс аркылуу тоо-кен инженерлерин даярдоо ишке ашырылган. Биринчи жолу Москвадагы И.В. Сталин атындагы тоо-кен институтунда ачылган тездетилген курска окууну артыкчылык диплом менен бүткөндөр жана шахталарда бир нече жыл иштегендер гана кабыл алынган. Окуу мөөнөтү 2 жыл 10 ай болгон. Бирок бардык предметтер 5 жылдык мөөнөттүк программа катары өткөрүлгөн…» [108]

Москвадагы тоо-кен институтунда окууга ошол кездеги Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчысы Исхак Раззаков да түздөн-түз түрткү болгонун, камкордук менен жардам кылганын А. Масалиев өзү баса белгилейт.



Ошентип, жашоодогу көп кыйынчылыктарга карабай окуудагы чоң ийгиликтер менен 1956-жылы Абсамат Масалиев Москвадагы И.Сталин атындагы тоо-кен институтунун тоо-кен факультетин ийгиликтүү аяктайт [99]. Бул жөнүндө аталган окуу жайдын инженерлерди кайра даярдоо курсун толук аяктаганы тууралу И№250071 дипломy, анда көрсөтүлгөндөй, А.Масалиев аталган институттун «разработка пластовых месторождений» адистигине ээ болгону тастыктайт [109]. Кыргызстандан А.Масалиев О.Дүйшеев, Ө.Даникеевдер бир окушуп өмүрүнүн акырына чейин жакын жолдоштордон болушканы талашсыз.

1956-жылы Москва шаарындагы тоо-кен институтун ийгиликтүү бүтүрүп келип, Кызыл-Кыядагы «Кызыл-Кыя көмүр» башкармасынын «Комсомольская» шахтасында участка башчысынын жардамчысы – тоо мастери кызматын аркалайт. Көп өтпөй, 1956-58-жылдары участканын начальниги, «Комсомольская» шахтасынын башкы инженеринин орун басары, 1958-61-жылдары «Кыргыз көмүр» трестинин башкы инженеринин жардамчысы болуп эмгектенген [110].

Эң кызыгы, аны эки дипломдуу тоо мастери адисин Кызыл-Кыя көмүр башкармасынын «Комсомолская» шахтасынын жетекчилиги эң оболу жөнөкөй жумушчу катары кабыл алууну сунушташкан. Тоо мастери болуп туруп, жөнөкөй жумушчу болуп иштебеймин деп, ал кайра "Кыргызкөмүр" трестине барып, эгер орун болбосо башка жакка кетүүгө уруксат берүү жөнүндө арыз менен кайрылган. Трест жетекчилиги аны эч жакка кетирбей, «Комсомольская» шахтасына участка начальнигинин жардамчысы – тоо мастери кызматына жумушка жайгаштырган. Кийин тез эле шахтанын начальниги катары кызматка которушат.

Ошол жылдары А.Масалиев дасыккан мыкты адис шахтерлердун жетекчиси катары жетилет. 1959-жылы 26 жаш курагында Коммунисттик партиянын катарына өтөт. Ал мезгилде партияга өттүү кыйын болгон.

**Биринчи баптын үчүнчү параграфында 1.3 «А.Масалиевдин мамлекеттик жана саясий жетекчилик ишмердүүлүгү»** иликтөөгө алынды. 1962-64-жылдары ал Алма-Аты шаарындагы партиялык жогорку мектепте партиялык жетекчилик боюнча билимин өркүндөткөн.

Жогорку партиялык мектептин бүтүрүүчүсү, илим-билимдүү адис, партиялык уюштуруучу катары партиялык жана мамлекеттик кызматтын эң жоопту тармагына, көзөмөлдөө багытына дайындоо алган. Жаңы кызматка 1964-жылдын 21-августунда келген. Бир эле кезде Ош областтык элдик көзөмөлдөө комитетинин төрагасынын орун басары болуп да

иштеген [113]. Көп өтпөй эле аны Ош обкомунун өнөр жай жана транспорт бөлүмүн башчысы кызматында көрөбүз [54.128-139].

Ошол кездеги партиялык системанын кадрларга болгон мамилеси, катуу, туруктуу тандоосу, партиялык уюмдардын элегинен өткөрүү аркылуу дайындоо ар бир болочок жетекчиге чоң жоопкерчиликти жүктөй турган. Анан калса, жалаң партиялык электен өткөндөр гана жооптуу кызматтарга дайындалар эле. Абсамат Масалиев ал тартиптен сыртта калган жок.

А. Масалиев 1968-жылдын 22-апрелинен баштап 1969-жылдын 16-сентябрына чейин ККП БК өнөр жай жана транспорт бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштейт [76].

1969-жылы 16-сентябрда партиянын Таш-Көмүр шаардык комитетинин биринчи катчысы болуп дайындалган. Ошол кездеги Ош обкомунун биринчи катчысы С.Ибраимов тарабынан сунушталып, Ош обкомунун атайын пленумунун № 49-1 протоколу менен бекитилген. Шаардык партиялык уюмдункатарына 500дөн ашык коммунистердин башын бириктирген «Нарынгидрокурулуш» башкармасынын коллктивинин партиялык комитети да кирген. Шаар жетекчилери А.Масалиевдин тазалыгы, жөнөкөйлүгү, маданияттуулугу, интеллектуалдык денгээлинин бийиктиги айкын-ачык билине баштаган сон, анын чечкиндүү талаптарына тез эле көнүп кетишкен. Шаардын өндүрүшү алга жылып, саясий-массалык иштер жогорку деңгээлде жүргүзүлүп, моралдык, психологиялык кырдаал жакшырган. Кыска мөөнөттүн ичинде анын түздөн-түз кийлигишүүсү менен токтоп калган шахталар кайрадан жанданып, көрсөткүчтөр жогорулап, көптөгөн ишканалар, алардын ичинде эт комбинаты да толугу менен реконструкцияланып, өндүрүмдүү жаны технологиялык жабдыктар өздөштүрүлүп, шаар боюнча миңдеген жаны жумушчу орундар пайда болгон. Таш- Көмүрдө ичүүчү суу маселеси чечилип, Кара-суу дарыясынан тартылган суу өткөргүч ишке кирип, үч жүз орундук жаңы кинотеатр курулуп, билим берүү, саламаттыкты сактоо, коммуналдык чарба, соода, турмуш-тиричилик мекемелеринде да алгылыктуу ийгиликтер жаралып, социалдык көйгөйлөр чечилип, алардын иштерин жакшыртууга ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

1971-жылдын 18-январында Кыргызстан КП БКнын пленуму, Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы Т. Усубалиевдин сунушу менен А. Масалиевди Кыргызстан КП БКнын Өнөр жай жана транспорт бөлүмүнүн башчылыгына бекитет. Бул кызматта 1972-жылга чейин иштеген[158.189].



Ал эми 1972-74-жылдары А.Масалиев ошол кездеги Фрунзе, азыркы Бишкек шаардык аткаруу комитетинин төрагасы кызматын аркалап, борбор калаабыздын өнүгүшүндө белгилүү денгээлде эмгеги бар. А.Масалиев Фрунзе шаардык аткаруу комитетинин төрагасы болуп турган учурунда шаардын көптөгөн имараттарынын, маданий, социалдык обьектилеринин курулуп, ишке берилгени белгилүү. Мисалы Фрунзе шаардык кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы катары Абсамат Масалиев шаардык чарбалык кайра куруу иштерине түздөн-түз кийлигишкен. Негизги милдет Фрунзе шаарын республиканын чоң саясий, өнөр жай жана маданият борборуна айландыруу, мезгил талабына ылайык аэропорт куруу, эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсүн уюштуруу, жаңы мейманканаларды ишке киргизүү эле. Дал ошол жылдары Фрунзе шаарын кайрадан куруунун генералдык планы ишке ашырыла баштаган. Анткени Фрунзе шаары Кыргыз Республикасынын административдик маданий ордосу, ири шаары болгондугуна карабастан, анын борбордук бөлүгү негизинен бир кабаттуу, анча-мынча эле эки-үч кабаттуу үйлөрдөн турган. Алардын сырткы келбети, сейсмикалык абалдары талаптарга жооп берген эмес.

Чыгармачыл жана техникалык интеллигенциянын негизги бөлүгү, жумушчу табынын эң ири отряды Фрунзеде жашачу. Республиканын 10 жогорку окуу жайынын сегизи, алты техникуму жана башка атайын окуу жайлардын көпчүлүгү ушул жерде топтолгон. Шаардын ортосундагы эски турак жайларды бузуу маселеси өтө кыйынчылыктарды туудурган. Ал үйлөр начар экенине карабастан, адамдар көп жылдар жашап, көнүп калган жайларын бошотуп чыгып кетүүнү каалабай, нааразы боло баштшкан. А.Масалиев алар менен далай ирет жолугушуп, түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн. Бир, эки кабаттуу эски үйлөрдү бузбай туруп, шаардын орто чениндеги ошол кездеги В.И.Ленин атындагы «Спорт сарайы», цирки, борбордук "Айчүрөк" универмагы, Октябрь революциясы эстелик комплекси, бир топ 9 кабаттуу турак үйлөр жана чоң административдик имараттары курулган. 1974-1979-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин катчысы, 1979-1985-жылдары, 6,5 жыл Кыргызстан Компартиясынын Ысык-Көл областтык партиялык комитетинин биринчи катчысы болуп эмгектенген. 1979-жылдын 13-январында болуп өткөн партиянын Ысык-Көл обкомунун пленуму аны обкомдун биринчи катчылыгына жана бюро мүчөлүгүнө шайлайт. Областтын саясий жетекчилигине шайлангандан баштап, мурдагы адатынча эле өз кызматына абдан жоопкерчилик менен мамиле кылган. Ал кезде Ысык-Көл областынын экономикасында айыл чарбасы басымдуу орунду ээлеп, республика үчүн да бөтөнчө мааниге ээ

болгон. Бул аймакта кой чарбачылыгы башкы планда туруп, кылкандуу дан эгиндерин эгүү, картошка жана бакчылык өнүккөн. Демек, негизги тармактар жетекчиге түшүнүктүү болуп, бул багытта натыйжалуу иштер жүзөгө ашырылган:

- айыл чарбасынын абалы дагы жаңы деңгээлге көтөрүлгөн;
- областтын капиталдык курулушу, транспорту эл керегине жараша жаңы багыттарда өнүктүрүлгөн;
- областтын өнөр жайында көмүр казып алууну, цемент, темир-бетон, кыш чыгарууну, электротехникалык, аспаптарды, жыгачтан эшик, терезелерди жасоо өнүккөн;
- эт, сүт, нан азыктарын, консерваларды, мал чарбасы үчүн жогорку белоктуу жем азыктарын даярдоонун, эл кеңири керектөөчү товарларынын кай бир түрлөрүн иштеп чыгаруунун өндүрүмдүүлүгү жогорулаган;
- Ысык-Көл бүткүл союздук курорттук зона катары эсептелгендик-тен, областтын аймагында турак жайларды, социалдык маанидеги зарыл курулуштарды салууга, каналдарды тазалоого көнүл бурулган;
- өнүкпөй жаткан санатория, курорттук, эс алуу пансионаттарын кө-бөйтүп, эл керегине татыктуу кызмат көрсөтүүгө жетишкен.

1985-жылдын октябрь айынын аягында аны КПСС БКнын генералдык катчысы М.С.Горбачев кабыл алып, А.Масалиевди республиканын партиялык уюмуна сунуштап, атайын пленум аркылуу чечимди ишке ашыруу Г.П.Разумовскийге тапшырылат. Көп өтпөй, 1985-жылдын 2-ноябрында Кыргызстан КП БКнын пленуму болуп, аны биринчи катчылыкка бекитет.[54].

А. Масалиев Кыргызстандын экономикасынын жалпы өнүгүшүнө адис катары дагы, жетекчи катары дагы зор салым кошкону- талашсыз факт. Анын иш билгилиги, жетекчилик жөндөмү Ош, Ысык-Көл областтарындагы, Фрунзе шаарындагы, 1985-1990-жылдардагы Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчылыгындагы ишмердүүлүктөрүндө даана, таасын көрүнгөн.

Биринчи президентти шайлоо ачык жана айкын өткөнүн тануууга болбойт. Бирок керт башынын кызыкчылыгын жана мансапты гана көксөгөн адам болсо, А.Масалиевдин колунда шайлоону башкача өткөрүүгө шарт бар эле. Ошол учурда Кыргызстан КПБорбордук Комитеттин биринчи катчысы жана Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасы катары ал президент болуп калууга толук мүмкүнчүлүк бар болчу. Адилет, айкын шайлоо болгону бул инсандын адамдык сапаттары менен ырасталат. Кийинки шайлоолордун жүрүшү муну так далилдеп берди.



**Экинчи бап «Абсамат Масалиевдин тарыхый инсандык өзгөчөлүгү жана замандаштарынын эскерүүлөрү»** деп аталат.

Экинчи баптын биринчи параграфы **2.1. «А.Масалиев жана Ош окуясы»** деп берилди. Мында учурдагы кыргыз тарых наамесинин актуалдуу маселеси бир нече жолу кайталанган Ош окуялары, анын кандуу кесепеттери, адамдардын кайгылуу тагдырлары, өрттөлгөн, талкаланган үйлөр-чоң жоготуулар экендиги талашсыз. Негизинен, көпчүлүк эл Ош окуялары десе эле акыркы 1990-жылкы жана 2010-жылкы кандуу окуяларды эстешет. Ал эми тарыхый чындык бир аз башкараак.

Кыргыз-өзбек аралык этникалык конфликттер мурда да болуп келген. Мисалы, 1963-жылы Жалал-Абадда, 1969-жылы ошол эле Ошто бир нече күнгө созулган кагылышуулар болгон.Кайра куруу саясатынын натыйжасында улуттук аң-сезимдин ойгонуп, демократиялык эркиндикке умтулуу шарданы менен бир катар союздук республикаларда, тагыраак айтканда, Алматыда, Тувада, Сумгаитте, Тоолуу-Карабахта, Днестр боюнда, Ферганада этникалык жаңжалдар чыгып, жүздөгөн адам өлүмүнө алып келген учурлар болду. Ушудай кандуу окуялар Ош областында, Ош жана Өзгөн шаарларында да болгону - тарыхый факт.

1990-жылдын июнь айынын биринчи жарымында Ош шаарында жана Өзгөн районунун борборунда, Орто Азия аймагы эле эмес, мурдагы СССРдин аймагындагы эң ири этностор аралык – кыргыз жана өзбек улутунун өкүлдөрүнүн ортосунда кандуу кагылышуу жүз берди. Бул кандуу окуяда бир топ бейкүнөө адамдардын өмүрү кыйылды. Канча ата-энелер баласынан, чыректай балдар ата-энесинен ажырап калды, көптөгөн экономикалык чыгымдар болду.

1990-жылдагы Ош окуясына ошол кездеги Кыргызстан КП БКсынын биринчи катчысы, Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин төрагасы А.Масалиевдин да түздөн-түз тиешеси бар дегендер көп. Айрыкча, ошол кан төгүлүп, эл арасы тынчыбай жаткан күндөрү кээ бир адамдар жоопкерчиликти толугу менен А.Масалиевге төңкөрүүгө аракет кылышканы да маалым. Ош окуясы А.Масалиев үчүн олуттуу сыноо болду, андай сыноо ар бир эле жетекчинин башында болсо керек. Канткен менен өмүрү өткөнчө эл достугуна жаны менен ишенген, аны бекемдөөгө бүт өмүрүн жумшаган, интернационалдык идеаларга терең берилген. А.Масалиев улуттар аралык чыр-чатактар мынчалык деңгээлге жетет деп ойлогон эмес. Албетте, кээ бирөөлөр ойлогондой, башкаларга, ошол кездеги жергиликтүү райкомдорго, шааркомдорго шылтоолоп коюп, республиканын жетекчиси катары ал өз жоопкерчи-лигинен эч качан качкан эмес.

Ош окуяларынан кийин анын келип чыгуу себептерин, жүрүшүн, натыйжасын иликтеген көптөгөн тарыхый, саясий, социологиялык жана конфликтологиялык тариздеги көлөмдүү макалалар, эмгектер, ар түрдүү жыйнактар жазылып, жарыкка чыккан. Ош, Өзгөн окуялары боюнча атайын диссертация жазылып корголгон. Ошентсе да бул окуянын тактай турган маселелери дагы эле арбын.

Бул окуяга А.Масалиевдин канчалык деңгээлде тиешеси, анда канчалык күнөөсү бар, ошол күндөрү ал киши кандай аракеттерди жасаган жана жасабай койгон кандай тыянакка келген? Эмгекте бул суроолордун тегерегинде иликтөө жүргүзүлдү.

Албетте, ага коюлган доомattар анын өзүнө да өз убагында жеткен. Ошондуктан бул маселе боюнча өзүнүн жеке пикирин төмөнкүчө билдирген:

**Биринчиден**, буга М.С.Горбачев, анын санаалаштары, кайра куруунун «архитектор, прорабдары» күнөөлүү. Алар коомду жакшыртууну, чыныгы демократияны ишке ашырууну ак ниет менен жүргүзүшкөн жок. Алар өздөрүнүн ички «ой-тилегин» өлкөдөгү мыйзамсыздык менен баш аламандыктын кеңири жайылышынан улам ишке ашышын күтүштү.

**Экинчиден**, жан талашып бийликке келгендер, «толук өз алдынчалыкка жана көз карандысыздыкка жетишүүгө аракеттенгендер», совет элинин союзун, улуу Совет өлкөсүн кыйратууну каалап, аны «империя» деп айыптагандардын көбү ушул кайгылуу окуялардын чыгышы үчүн күнөөлүү болушкан.

**Үчүнчүдөн**, республикалар ортосундагы чек аранын эзелтен калыптаныш тарыхын кайра карап чыгууга умтулгандар жана жер талашкандар да күнөөлүү эле.

**Төртүнчүдөн**, элдердин бир тууғандык, интернационализм, коллективизм принциптерин урматтабай, «аларды ар түрдүү жолдор менен улуттук чектери боюнча бөлүшүүнү" каалагандар күнөөлүү.

**Бешинчиден**, улуттар аралык трагедияда тийиштүү региондордун партиялык-советтик органдарынын конкреттүү жетекчилери да күнөөлүү болгон.

**Алтынчыдан**, биздин мурдагы советтик мекендин аймагында катастрофалык абалга алып келген окуялар үчүн Беловежскидеги жашыруун жолугушуунун катышуучулары Б.Ельцин, Л.Кравчук жана С.Шушкевич түздөн-түз күнөлүү. А.Масалиев болуп өткөн окуяларга туура баа берип, терең жана объективдүү иликтөөнүн жактоочусу болгон. Мына ушундай болгондо гана акыйкатка жетип, андан тийиштүү тыянак чыгарына ишенем деп айткандары бар.



**Экинчи баптын экинчи параграфы 2.2 «А.Масалиевдин замандаштарынын жана партиялаштарынын эскерүүлөрү» деп аталат**. Бул параграфта негизинен А.Масалиев жөнүндөгү эскерүүлөргө жана басма сөз беттериндеги түрдүү пикирлерге маани берилген.

А.Масалиев жөнүндөгү эң көп пикирлер 2003-жылы анын 70 жылдык маарекесине байланыштуу жер-жерлерде, ар түрдүү кызматтарда иштеп жүргөн, аны жетекчиси катары да, адам катары дамыкты билген карапайым адамдар, көрүнүктүү инсандар тарабынан айтылган. Алардын арасында Кыргыз Республикасынын Баатырлары, Социалисттик Эмгектин Баатырлары, Жогорку Кеңештин төрагалары жана депутаттары, Москва Тоо-кен институтунда чогуу окуган, кийинки кыргыз журтчулугуна белгилүү ишмер инсандар, көрүнүктүү партиялык, мамлекеттик ишмерлер, ал кишинин шакирттери, балалык курбулары, журналисттер, эмгекчилердин өкүлдөрү, чет өлкөлүк партиялык лидерлер, дипломаттар жана башкалар бар.

Кийинчерээк 2008-жылы 75 жылдык, 2013-жылы 80 жылдык маарекелерине байланыштуу макалалар, эскерүүлөр, некрологдор жана эмгектер жарык көргөн.

**Экинчи баптын үчүнчү параграфы 2.3 «А.Масалиевдин Эгемендүүлүк жылдардагы коомдук ишмердүүлүктөрү»** деп аталат, анда А.Масалиевдин Эгемендүүлүк жылдардагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты жана Кыргызстан коммунисттер партиясынын лидери катары коомдук ишмердүүлүктөрү, иш аракеттери иликтенди.

1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты, мамлекеттик түзүлүш, мыйзамдуулук жана конституттциялык мыйзамдар маселелери боюнча комитеттин төрагасы катары кызмат кылган.

2000-жылдан баштап Кыргыз Республикасынын Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты Мамлекеттик түзүлүш маселелери боюнча комитеттин төрагасы болгон. Комитет бир топ орчундуу маселелерди изилдеп, жоопкерчиликтүү иштерди аткарган. Алсак республика үчүн актуалдуу маселе болгон приватташтыруу саясаты, айыл-чарбасындагы реформаларга, алтын кен маселелери боюнча олуттуу маселелерди парламентке алып чыккан.

Республикадагы менчиктештирүүнүн жүрүшүндө болуп жаткан оркойгон кемчиликтер, айыл чарбасындагы реформа, завод, фабрикаларды атайылап банкрот кылып, андан кийин арзан баада кимдир бирөөлөргө сатылып кетип жаткандыгы, 100 миңдеген жаштардын жумушсуздугу, кошоматчылыкты, эки жүздүүлүктү, өзгөчө жек

көргөн«Кумтөр» алтын кенинен казылып алынган алтынды республиканын кызыкчылыгына пайдалана албай жаткандыгыбызды, кадрларды кызматка орноштуруудагы коррупция, республикадагы экономикалык оор абал, жашоо турмуштун начардыгынан кара жанды багуу үчүн болуп жаткан жосунсуз жоруктар, кылмыштар жөнүндө Жогорку Кеңештин жыйындарында, ар кандай чоң чогулуштарда чыгып сүйлөп, массалык маалымат каражаттарына интервью берип, республиканынпрезидентине бир нече жолу кайрылып, кемчиликтерди жоюунун жана учурдагы оор абалдан чыгуунун жолдору боюнча баалуу кеңештерин айткан.

А.Масалиев 1999-жылы «Кыргыз Руху» газетасынын кабарчысы С.Акимдин Кыргызстанда жүрүп жаткан реформаларды кандай жол менен оңдоого болот деген суроосуна төмөнкүдөй жооп берген.

**Биринчиден**, приватташтыруу жалан гана талкаланууга, жумушсуздукка, талоончулукка, кедейчиликке алып келгендиктен аны токтотуп. калган тармактарды, мекемелерди мамлекеттин карамагында калтырып уюштуруу иштерин күчөтүү керек.

**Экинчиден**, мурда приватташтырылып кеткен завод-фабрикаларды, мекемелерди, айрыкча начар иштеп же иштебей калгандарын текшерип, себептерин тактоо зарыл. Андан соң, буларды ишке киргизип, бекер көчөдө калган граждандарга жумуш орун таап берсек айлык, налог болот, калайыктын муктаждыгын чечебиз, элдин конституциялык укугун камсыз кылабыз. Ага кошуп өзүбүздөн товар, продукциялар көп чыгарылып экспортко жиберебиз, бүгүнкүдөй миллиарддаган ички-тышкы карыздарга батпайбыз, өзүбүздү-өзүбүз багабыз.

**Үчүнчүдөн**, айыл-чарбанын, анда иштеген мекендештерибиздин тагдырына көңүл буруп, эң негизги байлыгыбыз болгон жерди туура, толук, натыйжалуу пайдалансак, ири чарбаларды кайрадан уюштурсак. Үлүшкө бөлүп 5-10-50 сотыкка айландыргандан уттурабыз, агротехника, которуштуруп айдоо деген илимий багыттардан ажырайбыз, түшүм болбойт. эл арасында суу, жол талашкан чатактар чыгат. Мал чарбасында асыл тукумдуулукту уюштуруу кыйын болот.

**Төртүнчүдөн**, мамлекет жүргүзгөн кадрдык саясатты түп тамырынан өзгөртүп, оңдоо керек. Азыр өзүңөр көрүп жаткандай жарым жыл, бир жылга жетпей массалык алмаштырууларга жол коюлууда. Кадрларды тандоо иши талапка ылайык эмес. Сталин: «Кадрлар баарын чечет», деп таамай айтпадыбы. Ошондуктан бийликке тажрыйбалуу, турмушту, элдин шартын, муктаждыгын түшүнгөн кишилерди алып келүү керек.



**Бешинчиден**, жаңы доор алып келген коррупция деген балакет менен күрөшүү керек. Түз айтсак коррупцияга бийликте иштегендердин көбү аралашып, бири-бирине чатышып калган. Ошол кездеги премьер-министр Т.Чыңгышев «Азыркы убакта жалкоолор менен келесоолор гана уурдабайт» дегени бул ойду туз эле далилдеп турат.

А.Масалиев Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине келечектеги республиканын экономикасы үчүн маанилүү болгон бир нече маселелерди алып чыгып, талкууга койгон:

1. А.Масалиевдин демилгеси менен Эл өкүлдөр жыйынынын комиссиясы көмүр өнөр жайын өнүктүрүүнүн абалын жана перспективасын иликтеп чыкты жана сессиянын кароосуна койгон. Республиканын көмүр өнөр жайын крисиздик абалдан алып чыгуу боюнча депутат А.Масалиевдин сунушун турмушка ашыруу жөнүндө» сессия кабыл алган токтомго ылайык өкмөт бул тармакка 50 миллион сом дотатция бөлүп берген

2. Совхоз, колхоздорду таратпастан, алардын мал-мүлкүн сактап калууну, эртеңки экономикабыз үчүн зарыл экендигин кайра-кайра көтөргөн.

3. Мафияга, коррупцияга жана жеп ичүүлөрдү токтотуу үчүн күрөштү күчөтүүнү зарылдыгын сунуштаган.

4. Диний сепаратизмден алыс болууну, анын кесепети республика үчүн жакшылык алып келбешин алдын ала эле айтканын билебиз.

5. Кыргызстан үчүн бир палаталуу Жогорку Кеңеш эле жетишет, эки палаталуулуктан бир палатага өтүүнүн жолун издөөнү сунуш кылган.

6. Дүйнөлүк банктын «PESAC»программасына кирүүгө каршы пикирин айтып, эгер кирсек өнөр жайыбызды талкалап алабыз деп президентке чейин билдирип турган, бирок жыйынтык болгон эмес.

7. Кыргызстандын 28 өнөр жайы дүйнөлүк банктын «PESAC» программасына киргизилип банкрот болуп, сызга отургузулуп , арзан баага сатылып жок болгону тууралу маселени козгогон.

8. Эл өкүлдөр жыйынынын Мамлекеттик түзүлүш, мыйзамдуулук жана Конституциялык мыйзамдар маселелери боюнча комитеттинин курамында 10 депутат иштеген. Анын төрагасы А.Масалиев 1999-жыл боюнча отчеттунда бир жылда 23 кеңешме өткөргөн, 103 маселе караган, 93 мыйзам долбоору иштелип, 28 сессияга коюлуп, 25 кабыл алынган, 16 моделдик мыйзам долбоору даярдалып КМШнын парламенттер аралык комитеттерине жиберилген[192].

9. Турмуш тиричилик тармагындагы менчиктештирүү саясатынын туура эмес жүргүзүлүшүнүн негизинде 4 миңге жакын обьектинин тең

арзан баада сатылганын А.Масалиев бийликке айтып түшүндүрө алган эмес.

Жазылган диссертацияда Кыргызстандын тарыхнаамасынын бир баскычы болгон инсан таануу багытында биринчи жолу Кыргызстандын Совет доорундагы жана Эгемендүү Кыргыз Республикасынын тарыхында А.Масалиевин мамлекеттик жана коомдук ишмердиги бүгүнкү күндүн талабына ылайык обьективдүү изилдөөгө алынды.

Диссертацияда, алдыбызга койгон максаттарга жетүүгө жана койгон милдеттерди аткарууга жасалган аракеттенүүлөрдүн натыжасында диссертациянын ар бир параграфынын аягында изилденүүчү маселе жыйынтыкталып, тыянактар чыгарылды.

А.Масалиев тынчтык жолу менен келген эгемендүү, көз карандасыз кыргыз мамлекетинин жаңы доордун, системанын пайдубалын коюшуп, аны бекемдөөгө зор салымын кошкон.

**Жыйынтыктар:**

- А.Масалиевдин өтөлгөлүү өмүр-таржымалынын негизги этаптары такталды.
- Саясий турмуштагы, мамлекеттикишмердүүлүктөгү, элдепу-татыкатары жасаган иштиктүү кадамдары иликтенди.
- А.Масалиевдин Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы, Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасы болуп кызмат кылган мезгилдердеги эл үчүн, кыргыз мамлекети үчүн сиңирген эмгегин баалоого аракет жасалды.
- 1990-жылдын июнь айында болуп өткөн Ош окуясындагы А.Масалиевдин иш-аракеттери, интернационалисттик озуйпасы, элдин биримдиги, ынтымагы үчүн, улут маселесин талапка ылайык жайгаруу боюнча жасаган иштиктүү кадамдары такталды.
- Республикада президенттик институттун киргизилиши, алгачкы президенттик шайлоолордун өткөрүлүшү, бийликүчүн уюштурулган «ыплас саясий оюндар», ал кездеги А.Масалиевдин саясий абалы жана позициясы, анын бийликтен четтетилиши негизги маселе катары каралды.
- Эгемендүүлүк жылдарынын алгачкы мезгилиндеги саясий, социалдык-экономикалык жана маданий турмуштагы өзгөрүүлөр, пайдасыз жана натыйжасыз жүргүзүлгөн ички реформаларга, алардын натыйжаларына А.Масалиевдин жеке көз карашы, мамилеси такталды.
- А.Масалиевдин саясий, мамлекетттик ишмердүүлүгү кыргыз элинин мурда жашап өткөн, өздөрүнүн иш билгилиги, даанышмандыгы, саясий көрөгөчтүгү, жеке инсандык сапаттары менен айырмаланган бир катар башка көрүнүктүү инсандарынын контекстинде талдоого алынды.



- А.Масалиевдин мамлекеттик, саясий, коомдук ишмердүүлүгү объективдүү, тарыхый чындыкка жакын, хронологиялык ырааттуулукта, илимий көз караштын негизинде иликтенди.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Бүгүнкү күндө мектептерде, орто жана жогорку окуу жайларда Кыргызстандын тарыхын окутууда тарыхый инсандардын адеп-ахлактык, психологиялык жеке сапаттарын үлгү катары окутуу кажет.
2. Мамлекетибизге зарыл болгон адистерди окутууда жана даярдоодо тарыхый инсандардын патриоттук жана интернационалдык жогорку сезимдерин терең жеткирүү максатында атайын программаларды иштеп чыгуу керек.
3. Республиканын бардык аймактарында улуттар аралык мамилени чыңдоо үчүн айылдар, мектептер, айыл өкмөттөр арасында атайын семинарларды, фестивалдарды, спорттук мелдештерди өткөрүүнү салтка айландыруу зарыл.
4. Кыргызстандын байыркы, орто кылымдардагы жана кийинки мезгилдердеги тарыхый инсандарын терең изилдөө максатында атайын илимий конференцияларды уюштуруу жана алардын жыйынтыктары боюнча илимий макалалардын жыйнактарын, монографияларды, окуу куралдарын жарыкка чыгаруу абзел.

### Изилдөөнүн негизги мазмуну автордун төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган:


1. **Бердиев, А.Т.** А.Масалиевдин мамлекет жетекчиси катары калыптанышы [Текст] / Бердиев А.Т., Азимбаев Б // ОшМУнун Жарчысы. – Ош, 2009. -№4. 127-129-б.
2. **Бердиев, А.Т.** Өмүрү өрнөк инсанга арналган тарыхый музей [Текст] / Азимбаев Б., Бердиев А.Т // ОшМУнун Жарчысы. -Ош, 2009. -№4.123-127-б.
3. **Бердиев, А.Т.** А.Масалиевдин Кыргызстан КП БКнын биринчи катчылыгына келиши [Текст] / Бердиев А.Т // ОшМУнун жарчысы.- Ош, 2010.- №1, 2. 68-71-б.
4. **Бердиев, А.Т.** А.Масалиев-Кыргызстандын көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмери [Текст] / Жумабаев Б.М. Бердиев А.Т // Наука и новые технологии. -Бишкек, 2013. - №5. 9-13-б.
5. **Бердиев, А.Т.** Көрүнүктүү коомдук жана мамлекеттик ишмер А.Масалиевдин улуттар аралык мамилелердеги ишмердиги [Текст] / Бердиев А.Т // Наука и новые технологии .- Бишкек, 2013. - №5.20-22-б.

6. **Бердиев, А.Т.** А.Масалиев жана Ош окуясынын тарыхый мааниси [Текст] / Бердиев А.Т., Жаркынбаев Т // Наука и новые технологии. -Бишкек, 2013.- №5. 24-27-б.

7. **Бердиев, А.Т.** А.Масалиевдин башкаруу мезгилиндеги тил маселесинин актуалдуулугу [Текст] / Бердиев А.Т // ОшМУнун Жарчысы.-№3. –Ош, 2013. 105-108-б.

8. **Бердиев, А.Т.** Роль исторической науки в формировании личности в современных условиях / [Текст] Бердиев А.Т // Высшая школа Казахстана: Международное научно-педагогическое издание.-Алматы, 2013. -С.80-83.

9. **Бердиев, А.Т.** А.Масалиевдин Кыргызстандын өнөр жайынын өнүгүшүнө кошкон салымы [Текст] / Бердиев А.Т // Элге арналган өмүр. Илимий-практикалык конференциянын материалдары.-Б.,«Турар» 2014.85-94 б.

10. **Бердиев, А.Т.** А.Масалиевдин мамлекетти башкаруудагы адамдык жогорку сапаттары бүгүнкү, эртеңки жетекчилер үчүн үлгү [Текст] / Бердиев А.Т // Элге арналган өмүр. Илимий-практикалык конференциянын материалдары. -Б., «Турар» 2014. 95-106 б.

11. **Бердиев, А.Т.** Насирдин Исанов Эгемендүү Кыргызстандын тунгуч премьер- министри / [Текст] Бердиев А.Т // Известия ВУЗов, №2, -2014.-



**Бердиев Асан Токсоновичтин «Абсамат Масалиев- Кыргызстандын көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмери» деген темада 07.00.02. - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Өзөктүү сөздөр:** Генералдык секретарь, Жогорку Кенеш, эгемендүүлүк, Кыргыз Республикасы, тарыхый инсан, мамлекеттүүлүк, коммунисттик партия, Жогорку Кенеш, улут, улуттар аралык жаңжал, конфликт, СССР, КПСС, КПСС БК.

**Диссертациянын негизги максаты**. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасы, Кыргыз ССРинин жана СССРдин Жогорку Кеңештеринин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин бир нече жолку депутаты, Советтер Союзунун Компартиясынын Борбордук Комитетинин бюросунун мүчөсү А.Масалиевдин тарыхый-саясий бейнесин толук түзүү жана кеңири коомчулукка жеткирүү.

**Изилдөөнүн предмети.** Кыргыз Республикасынын Баатыры Абсамат Масалиевдин өмүр-таржымалын, мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүн ар тартаптан талдоо изилдөөнүн предметин түзөт.

**Изилдөөнүн объектисине** А. Масалиевдин өмүрү, жаштыгы, студенттик кездери, жаш адис, партиялык жана мамлекеттик ишмер иретинде калыптанышы, жетекчилик жана адамдык жогорку сапаттары, саясий, мамлекеттик иш тажрыйбалары, инсандык, жетекчилик касиеттерине баа берген замандаштарынын эскерүүлөрү тартылды.

**Изилдөөнүн методологиясы.** Негизинен тарыхый, хронологиялык, логикалык салыштырма талдоо ыкмалары, тарыхый генетикалык, тарыхый объективдүүлүк принциптери пайдаланылды.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** Ата Мекен тарых наамасында белгилүү саясий, мамлекеттик ишмер, Кыргыз Республикасынын Баатыры А.Масалиевдин өмүр-таржымалы, ишмердүүлүгү илимий негизде ар тараптан биринчи жолу комплекстүү түрдө иликтөөгө алынды.

**Изилдөөнүн илимий натыйжасы.** Кыргызстандын тарыхнаамесинде белгилүү мамлекеттик жана саясий ишмер, Кыргыз Республикасынын Баатыры А.Масалиевдин өтөлгөлүү өмүрүн, көп кырдуу коомдук саясий ишмердүүлүгү илимий негизде ар тараптан биринчи жолу комплекстүү түрдө иликтөөгө алынды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктарын Ата мекен тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди жаратууда, Кыргызстандын тарыхый инсандары тармагында атайын курстарды, орто жана жогорку окуу жайлардын окуу процесстеринде пайдаланууга болот. Ошондой эле бул эмгек Абсамат Масалиевдин өмүр баянын, мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүгүн мындан ары дагы тереңдетип иликтөөгө болот.